**Борбордук Шайлоо комиссиясына**

**№19 Сокулук округунан**
**депутатыкка талапкер**
**Р. Акимжанованын**
**ыйгарым укуктуу өкүлү**
**М. Абдибаитовдон**

**Арыз**

2025-жылдын 30-ноябрында №7238 УШКда шайлоо учурунда бир нече мыйзам бузуулар болгон, УШКнын ичиндеги видео байкоону кайра текшерип чыгууда бул фактылар тастыкталат. Мыйзам бузуунун бир фактысы боюнча байкоочулар жана УШК мүчөсү тарабынан акт түзүлгөн. Шайлоочу Баянбекова Аида бюллетенди сүрөткө тартып алган видео социалдык тармактарга тараган.

Аталган факт боюнча 2025-жылдын 1-декабрында №19 Сокулук ОШКна арыз менен кайрылып, 5-декабрда ОШКнын чечимин алдык. Сокулук ОШКсы арызды канаттандыруудан баш тартылсын деп чечим чыгарган.

Сокулук ОШКнын 2025-жылдын 5-декабрында №1 Чечими менен макул эместигимби билдирем, анткени Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 2, 6 – беренесинде Кыргыз Республикасында шайлоо жашыруун добуш берүү менен, жалпыга тен жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жүргүзүлөт. Шайлоодо добуш берүү жарандардын эркин билдирүүлөрүн кандайдыр бир көзөмөлдөө мүмкүндүгүн болтурбайт, жашыруун болуп саналат.

Добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет деп көрсөтүлгөн.

№7238 УШКда добуш берүү процессинин жүрүшүндө мыйзам бузуулар катталган. Добуш берүүнүн жашыруундугу бузулуп, айрым шайлоочулар бюллетенди белгилегенден кийин сүрөткө тартып, андан соң урнага таштаганы аныкталган. Бул факт расмий түрдө акт менен катталып, байкоочулар жана комиссия мүчөсү тарабынан кол коюлган.

Белгиленген мыйзам бузуулар шайлоонун жыйынтыгына түз таасирин тийгизет жана алардын мыйзамдуулугун шектендирет.

Жогорудагыларды негиз кылып, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 36-беренсинин 7-пунктунун жана 45 - беренесинин негизинде,

**Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы бузулгандыгына байланыштуу №7238 УШКда добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылам.**

Сокулук ОШКнын Чемими жана мыйзам бузуу боюнча видео жана акт арызга тиркелет.

М. Абдибаитов.
05.12.2025-ж.